Изденүүчү Өмүрбек Жумадилович Алымкожоевдин 07.00.02 – “Ата мекен тарыхы” адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таануга кошкон салымы” деген темада жазылган диссертациялык изилдөөсүнө (Бишкек, 2021)

## ИЛИМИЙ ЖЕТЕКЧИНИН ПИКИРИ

Мындан 30 жыл илгери Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) мамлекеттик көз каранды эместикке жетишкен соң, өлкөдөгү коомдук илимдер тармактарында кыргыз тарыхына жана кыргыз таануу тармагына опол тоодой салым кошкон окумуштуулардын өмүрүн жана ишмердигин жаңыча изилдөө үчүн эч бир саясий партиянын идеологиясына жана цензуралык талаптарына багынбаган жаңы жана жагымдуу шарттар түзүлдү.

Постсоветтик кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча алгылыктуу илимий изилдөөлөр жүзөгө ашырылып жатат (тарыхчылар, академик Бегимаалы Жамгырчинов, профессорлор Өмүркул Караев, Кушбек Үсөнбаев, этнограф профессорлор Саул Абрамзон, Виктор / Астайбек Бутанаев, ж.б. тууралуу кандидаттык диссертациялар ийгиликтүү жакталган). Ошентсе дагы кыргыз тарыхындагы айрым маселелер боюнча айырмалуу көз караштар, талаш-тартыштар дагы эле улантылып жатат. Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу изилдеген көптөгөн инсандардын өмүр жолун жана чыгармачылыгын таразалоо ишинде дагы эле өксүктөр бар.

Кыргыз таануунун байыркы жана орто кылымдарга таандык баскычтарынын көйгөйлөрүн археологиялык, жазма жана башка булактар аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы, Чоң Алтай менен Теңир-Тоонун этносаясий тарыхы жана жалпы эле Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келе жаткан чыгаан инсан — археолог жана тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков болуп саналат. Ал 1970-жж. ортосунан

бери тынымсыз жүргүзүп келе жаткан археологиялык иликтөөлөр, ошондой эле анын кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектери өзгөчө талдоону талап кылат.

Энесай кыргыздарынын этностук тарыхын комплекстүү иликтөөдө профессор Ю.С. Худяков археологиялык, жазма, этнографиялык, географиялык, тилдик маалыматтар менен бирге кыргыздардын фольклордук материалдарын дагы колдонгондугу, айрым учурларда хакас этнографы Юлий Худяков, кыргыз археологу Кубатбек Табалдыев ж.б. окумуштуулар менен калемдешип, кыргыз таануу жаатында баалуу эмгектер жарыялап келгендиги маалым.

Демек, профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолунун урунттуу учурларын жана кыргыз таанууга кошуп жаткан салымдарын атайын изилдөөнү максат кылган Ө.Ж. Алымкожоевдин кандидаттык диссертациялык иши илимий жактан абдан ургаалдуу жана илимий-педагогдук жана коомдук турмуш үчүн зор мааниге ээ темага арналганында шек жок.

Асыресе, профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолу менен эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди дагы бир таразага алып, изилдөө – заманбап кыргыз тарыхнаамасы үчүн өтө маанилүү жана зарыл милдет.

Изденүүчү Ө.Ж.Алымкожоевдин диссертациялык иши кеминде он чакты жылга созулган чымырканган чыгармачыл эмгектин натыйжасы болду. Автор жеке өзү бул ургаалдуу теманы жактырып, терең ойлонуп, тандап алгандыктан, аны системалуу түрдө зор кызыгуу жана шыктануу менен үзүрлүү иликтеп келди. Ишти баштаганда аныкталган максат, милдеттер жана иликтөөнүн ички түзүмү иликтөөнүн жүрүшүндө пайда болгон жаңы

талаптарга жараша улам такталып, кээ бир өзгөртүүлөр менен толуктоолор ырааттуу киргизилип турду.

Албетте, изденүүчү Ө.Ж.Алымкожоев профессор Ю.С. Худяковдун өмүр жолуна тийешелүү булактарды, анын илимий эмгектерин кенен колдонгон жана адис тарыхчы окумуштуулардын аталган маселеге түздөн түз же кыйыр түрүндө тиешеси бар илимий изилдөөлөрүндөгү, көлөмдүү эмгектериндеги такталган маалыматтарга жана зарыл материалдарга да таянган.

Азыркы заманбап маалымат технологиясы, интернеттеги коомдук тармактардагы ар кыл тилдердеги жарыялар сыяктуу мурда түшкө да кирбеген маалымат булактары ырааттуу колдонулгандыгы – өзгөчө белгиленчү жагдайлар.

Маселен, советтик доордо ачык айтылышы мүмкүн болбогон жагдайлар – Ю.С.Худяковдун ата-энеси, таятасы, тайенеси, тайеэжелери сталиндик ГУЛагда акыйкатсыздык менен жабыр тартышкандыгы, таятасы, профессор Юлий Геккер жазыксыз жерден атууга дуушар болгондугу сыяктуу өтө маанилүү фактарды диссертант ачык жазып чыкканда, Геккердин урпактарынын “Фейсбуктагы” жана башка интернет булактарындагы ачык жарыялары (посттору), ар кыл фотолору зор огожо болушту. Изденүүчү, демек, профессор Ю.С.Худяковдун өз үй-бүлөсүнүн жеке маалыматтарын да колдонгондугу – инсан таануу багытындагы байсалдуу усул болуп саналат.

Ар тараптуу чыгармачыл мамиленин аркасында, изденүүчү Ө.Ж.Алымкожоев диссертациялык ишти жазууда алдыга коюлган максат, милдеттерин толук аткарууга жетишти, деп эсептейбиз.

Ө.Ж.Алымкожоевдун бул диссертациялык изилдөөсүнүн негизги бөлүгү логикалык жактан өз ара тыгыз байланыштуу төрт баптан турат.

Биринчи бап тарыхчы, кыргыз таануучулардын жана Ю.С.Худяковдун салымдарын изилдөөнүн тарыхнаамасынын көйгөйлөрүн чагылдырууга

арналган жана эки параграфка жиктелген. Алардын алгачкысында постсоветтик Кыргызстандагы инсан таануунун тарыхнаамасы кыргыз таанууга ири салым кошкон тарыхчылардын мисалында жалпыланып иликтендеген.

Кийинки параграфта Ю.С.Худяковдун кыргыз таануу илимий тармагына кошкон салымдарынын тарыхнаамасы маселеси каралган. Анда изденүүчү профессор Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга арналган негизги эмгектерин талдаган.

Экинчи бапта профессор Ю.С. Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердигин изилдөө булактары жана изилдөө методдору (усулдары) ар тараптуу иликтөөгө алынган. Изденүүчү Ө.Ж.Алымкожоев бул бапта адегенде Ю.С. Худяковдун өмүрүн жана ишмердигин – илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети катары чечмелейт. Ал эми профессор Ю.С.Худяковдун өмүр таржымакалын жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырган булактарга карата сереп – кийинки атайын параграфта камтылган. Ушул эле баптын үчүнчү параграфында профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердүүлүгүн изилдөөдө изденүүчү тарабынан колдонулган методдор (усулдар) жана методологиялык негиздер айрыкча сыпатталып берилген.

“Профессор Ю.С. Худяковдун өмүр таржымакалын жаңыча иликтөө” деп аталган үчүнчү бапта, иликтенип жаткан залкар окумуштуунун ата-теги, таяталарынын теги, тайежелери, өз ата-энеси жана алардан алган таалим-тарбиясы, жаш окумуштуунун калыптанышы, ишмердүүлүгүнүн урунттуу баскычтары ырааттуу баяндалат. Ошондой эле, диссертациянын бул бабынын дагы бир параграфында профессор Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу багытында окумуштуулардын калыптанышына кошкон салымы, бул сибирдик профессордун кыргызстандык окумуштуулар менен азыр да ырааттуу улантылып жаткан тыгыз илимий карым-катнашы тууралуу иликтөөлөр камтылган.

Төртүнчү бап “Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу боюнча илимий изилдөөлөрү” деп аталган. Биринчи параграфта Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук тарыхынын профессор Ю.С.Худяков тарабынан изилдеши каралат. Экинчи параграфта Саян, Алтай (азыркы тапта “Чоң Алтай” деп белгиленип жаткан ири чөлкөм) жана Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый, этностук-маданий жалпылыгынын Ю.С.Худяковдун эмгектеринде чагылдырылышы тууралуу иликтенет. Ал эми үчүнчү параграфта профессор Ю.С.Худяковдун Түштүк Сибирдеги жана Борбордук жана Ички Азиядагы орто кылымдардагы кыргыздардын жана башка көчмөндөрдүн курал-жарактарына жана согуш өнөрүнө арналган изилдөөлөрүнө талдоо камтылган.

Корутундуда изилдөөнүн негизги бөлүмдөрү боюнча жыйынтыктар менен тыянактар камтылып, андан тышкары инсан таануу жана кыргыз таануу жаатында бир катар алгылыктуу сунуштар берилген.

Тиркемеде изденүүчү Ө.Ж.Алымкожоев өзү чогулткан жана башка айрым өтө маанилүү сүрөттөр, ошондой эле, карталар да камтылган. Бул маалыматтар да диссертациялык изилдөөнүн ажарын ачып, изденүүчүнүн көп жылдык иш-аракетин чагылдырып турат.

Изденүүчү Ө.Ж.Алымкожоевдин алгачкы илимий жетекчиси, маркум тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор Токторбек Наматбекович Өмүрбеков (27.3.1955 – 30.7.2019) оорунун айынан мезгилсиз дүйнө салды, андан кийин биз илимий жетекчиликти уланттык. Маркум Т.Н.Өмүрбеков өзү Кыргызстандын тарыхнаамасында инсан таануу багытын жогорку серегe чыгарган чыгаан окумуштуу, жаркын педагог эле; ал кыргыз тарыхына арналган бир катар окуу китептерин жарыялоодо биздин калемдешибиз болчу. Анын ысымын ушул жерден ыраазычылык менен эскерте кетүүнү эп көрүп турам.

Жыйынтыктап айтканда, изденүүчү Өмүрбек Жумадилович Алымкожоев мырзанын “Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз

таанууга кошкон салымы” аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча Жобосунун талаптарына ылайык өз алдынча жазылган чыгармачыл мүнөздөгү илимий эмгек катары кароого толук татыктуу. Бул кандидаттык диссертациялык иш кыргыз таануу, кыргыз тарыхнаамасы жана инсан таануу багытындагы көп тарамдуу изилдөө болуп калгандыгында шек жок.

Бул диссертациялык иштин автору Ө.Ж.Алымкожоевге өз эмгегин 07.00.02 – “Ата мекендин тарыхы” адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн атайын диссертациялык кеңеште ачык коргоого сунуш кылам.

Андан тышкары изденүүчү Ө.Ж.Алымкожоев “Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы” эмгегин жакынкы болочокто илимий монография түрүндө да жарыялоосу абзел экендигин, бул китепти орус, англис жана башка тилдерге да которуу зарылдыгын баса белгилемекчимин.

**Илимий жетекчи**:

тарых илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы КУУнун
Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин
Чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын
профессору

Т.К.Чороев (Чоротегин)

2021-жылдын 5-октябры, Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы.

Кол тамганы тастыктайм:
АРжИКЖБ башчысы: Жайнакова АА.